**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунун токтому №2**

Ысык-Көл району Бостери айылы
2023- жыл "30" январь

Катышты-438
Чогулуштун катышуучулары:
1. Мектеп администрациясы
2. Мугалимдер
3. окуучулар
4. ата-энелер,

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. "Синий кит" оюну жана анын кесепети. Суициддин алдын алуу.

Белгиленген маселе боюнча тарбия завучу Рысмендиев У. төмөнкүлөргө токтолду: "Урматтуу ата-энелер! Азыркы учурда балдар телефон аркылуу ар кандай оюндарды ойноошууда. Мейли ойношсун, бирок балдардын ден соолугуна, өмүрүнө зыян келтирген оюндар кайрадан чыга баштады. Мындан бир нече жыл мурун жаш өспүрүмдөр арасында "Синий кит", "Тихий дом" аттуу оюндар чыгып, жыйынтыгында өспүрүм балдар өз жандарын кыя баштакан. Эми бул оюн кайрадан жанданып баш көтөрө баштады. Бул оюн соцтүйүндөр аркылуу "куратордун" буйрук берүүсү менен башталат. Куратордун айтуусу менен бала колуна көк киттин сүрөтүн тартып, андан соң ар кандай тапшырмаларды аткарат. Тапшырмалар 50-60 күнгө созулуп, жыйынтыгында баланын өз жанын кыюусуна алып келет. ".

Белгиленген маселе боюнча ата-энелер комитетинин төрагасы Үчкурткаев З.Т.: "Урматтуу ата-энелер! Азыркы учур технологиянын заманы болбодубу. Баарыбыз чоңунан кичинебизге чейин телефон карайбыз. Бирок жаш өспүрүмдөр арасында болуп жаткан кырсыктар өкүндүрбөй койбойт. Интерентттен да ар кандай жүрөк үшүн алган маалыматтарды көрүүдөбүз. Суицид жыл өткөн сайын көбөйүп кетти. Жогоруда айтылган оюндун да кесепети тийип жатат да. Балдарыбызды жеке эле мектепке тапшырып койбостон өзүбүз да көңүл буралык. Бала биздики. Алардын өмүрү үчүн биз жооп беребиз"

Жарыш сөзгө чыккандар:
1. Ата-энелер комитетинин мүчөсү Супатаева Айтолкун төмөнкүлөргө токтолду: " Ооба, баарыбыздын эле балдарыбыз телефон карап отурушат. Зыян экенин баарыбыз эле түшүнүп

отурабыз. Телефонго кызыккан бала ойнобосо да сабакка болгон кызыгуусун жоготуп жатышат. Ал эми бул оюн боюнча мурун да укканбыз. Интернет түйүндөрүнөн да угуп жатабыз. Балдарыбызды көзөмөлгө алалы"

2. Ата-энелердин атынан Эсенгулова Э  төмөнкүлөргө токтолду: "Балдар сабак окубай ар кандай оюндарга азгырылып кетип жатышат. Интернети жоктор айына интернет жүктөгөнгө көп эле акча каражаты кетет экен. Менин 3 балам окуйт мектепте. Бардыгы телефон колдонушат. Бул айтылып жаткан оюндун зыяны чоң. Балдарды көзөмөлгө алалы өзүбүз. Мектепке эле милдетти оодарып салбастан өзүбүз да жоопкерчилик алалы. Балдар биздики, алардын ден соолугу, өмүрү бизге керек ."

**Чечим.**

1. "Көк кит" интернет оюнунун зыяндуулугу боюнча ар бир класста ата-энелер чогулушу өткөрүлсүн.
2. Балдардын интернет оюндарын колдонбоосун көзөмөлгө алуу жагы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
3. Суицидди алдын алуу боюнча ар бир класстар тарбиялык сааттарды өткөрүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Директор  Атаев Б.С.